*Тайгараев Р.А.*

# БАЙЫРКЫ РИМДЕГИ МУРАС УКУГУ

*Тайгараев Р.А.*

# НАСЛЕДСТВЕННОЕ ПРАВО В ДРЕВНЕМ РИМЕ

*R.A. Taygaraev*

# HEREDITARY RIGHT IN ANCIENT ROME

*УДК: 340.1/347*

*Мурастоо же мурасты улантуучулук деп өлгөн адамдын укуктарынын жана милдеттеринин башка тарапка башкача айтканча, мураскорго мыйзамда көрсөтүлгөн тартипке өтүү тартиби. Бул жалпы түшүнүк социалистик коомдун шартындагы жана эксплуатациялык коомдун шартындагы маани-манызын ачып көрсөтүүнү талап кылат. Мурастоо укугу татаал жана узак жолду басып өткөн. Мурастоо укугунун институту үзгүлтүксүз өсүп-өнүгүү жолунда жүргөндүгү менен макаланын актуалдуулугун ачып көрсөтөт. Мурастоо укугунун институтунун олуттуу узак убакыт аралыкта өнүгүүсү Рим Республикасынын пайда болуусу менен биргеликте башталган жана андан ары өнүгүүсү азыркы мезгилге чейин уланууда. Марксизм-ленинизм классик өкүлдөрү мурастоо негизинен менчик менен ажыратылгыс байланышта болуп, коомго талаптагыдай экономикалык жана таптык бирикмелерди чагылдырып турат.*

***Негизги сөздөр:*** *Рим укугу, мыйзам, мурас, мурастоо укугу, мураскор, керээз, мүлк.*

*Под наследованием, или наследственным преемством, понимается переход имущества умершего к другому лицу или другим лицам - его наследникам - в установленном законом порядке. Это общее понятие требует раскрытия его значения и классового содержания в условиях эксплуататорского общества и в условиях общества социалистического. По учению классиков марксизма-ленинизма, наследование находится в неразрывной связи с собственностью и отражает соответствующую экономическую и классовую организацию общества. Римское наследственное право прошло долгий и сложный путь развития. Данная статья имеет значительную актуальность в силу непрекращающегося до сих пор развития института наследственного права. Развитие института наследственного права на серьезном уровне началось в период существования Римской Республики и получила дальнейшее развитие до наших времен.*

***Ключевые слова****: Римское право, закон, наследство, наследственное право, наследник, завещание, имущество.*

*Under inheritance, or hereditary succession, is meant the transfer of the property of the deceased to another person or to other persons - his heirs - in the manner prescribed by law. This general concept requires the disclosure of its meaning and class content in an exploitative society and in a socialist society. According to the teachings of the classics of Marxism-Leninism, inheritance is inextricably linked with property and reflects the corresponding economic and class organization of society. Roman inheritance law has gone a long and difficult path of development. This article has significant relevance due to the continuing development of the institution of inheritance law. The development of the institution of inheritance law at a serious level began in the period of the existence of the Roman Republic and was further developed until our times.*

***Key words****: Roman law, law, inheritance, hereditary law, heir, testament, property.*

Мурастоо укугу – өлгөн адамдын укуктарынын жана милдеттеринин өтүү тартибин аныктоочу укук ченемдеринин жыйындысы мурастоо укугу деп аталат. Азыркы мезгилде мурастоо укугу жарандык укуктун тармактык бөлүмү болуп саналат.

Ал эми байыркы Римде мурастоо боюнча каза болгон адамдын мүлкү бир же бир канча адамдарга өткөн. Мурастоо универсалдуу мүнөзгө ээ болуп мураскор мурастын составына кирген бардык укуктарды жана милдеттенмелерди алган. Рим укугунда сингулярдык укук өтүүчүлүк болгон, башкача айтканда мураскорго өзгөчөлөнгөн укуктар берилген. Мурастоо процессинде убакыттын эки моменти Рим укугунда эске алынат:

1) мурастын ачылыш моменти (бул мурас берүүчүнүн өлүмүнө туура келген).

2) мурастын кабыл алуу моменти (мураскордун мурасты кабыл алуу иш аракеттерине туура келген) [2].

Римде керээз боюнча жана мыйзам боюнча мурас тоо ишке ашырылган. Керээзде Рим укугунда мурас берүүчүнүн бардык көрсөтмөлөрү эмес, мураскорлорду көрсөткөн эркин чагылдырыш керек. Мындай дайындоо керээздин башында көрсөтүлүшү керек. Керээз делегаттар (баштартуулар) жана жашы жетпеген мураскорлорго камкорчуну дайындоо көрсөтүлүшү мүмкүн. Керээздеп, мурас берүүчү эркин көрсөткөн бир тараптуу бүтүм эсептелет. Керээз жарактуу болушу үчүн төмөнкүдөй шарттар керек:

1) керээз түзүп жаткан адам укук аракетке жөндөмдүү болуусу зарыл;

2) керээзди түзүүдө 7 күбө катышуусу зарыл;

3) мураскорду дайындоо мурас берүүчү тарабынан жеке өзү, так жана анык көрсөтүлүшү зарыл;

4) мурас ачылуу убагында мураскор боло алган жана келечекте мураскор боло алган жактар эсептелген (эгерде мурас берүүчү көзү өткөндөн кийин аялынын боюуна бүтүп кийинчирээк төрөлгөн бала

мураскор болуп эсептелген эмес) [3]. Керээзде жакын тууганДарынын үлүштөрү да көрсөтүлгөн.

Байыркы доордон тартып керээз түзүүчү өзүнүн мүлкүн каалаган адамга калтыруу эркиндигине ээ болгон. Бул учурда жакын туугандар мүлккө ээ боло алышкан эмес. Кийинки убакыттарда мыйзам керээз түзүүчүгө керээзде жакын туугандарынын үлүштөрүн көрсөтүүсүн милдеттендирген. Эгерде жогорудагы милдет сакталбаса керээз же анын бир бөлүгү сот тартибинде жокко чыгарылган.

Мыйзам боюнча мурастоо төмөнкү учурларда пайда болгон:

1) эгерде, кандайдыр бир себептердин негизинде жак мураскор болбой калса;

2) эгерде, керээз жараксыз деп таанылса;

3) эгерде, мурас берүүчү өлгөндөн кийин керээз калтырылбаган болсо.

Мыйзам боюнча мурастоодо мураскорлордун мөөнөттөрү аныкталган. “XII таблица мыйзамы” биринчи кезектеги мураскорлорго балдары, неберелери жана аталык бийлик астындагылар кирген. Эгерде, жогорку жакын туугандары болбосо мураскор болуп жакынкы агнаттык тууганы чакырылган. Эгерде, агнаттык тууганы мурасты кабыл албаса мүлк ээсиз – ээликсиз деп таанылган. Кийинчерээк мурастоо системасында когнаттык (кандык) тууганДыктын ролу чон ойгон. Биринчи кезекте мурас берүүчүнүн балдары жана ага баш ийбегендер чакырылган. Экинчи кезекте агнаттык туугандар чакырылган. Үчүнчү кезекте алтынчы даражага чейинки когнаттык туугандар турган. Төртүнчү кезекте жубайы чакырылган [4].

Юстициандын өзгөртүүлөрүндө (новеллаларында) мыйзам боюнча мурастоонун тартиби иштеп чыгарылган. Мураскорлор класстарга бөлүнгөн. Мыйзам боюнча биринчи класс мураскорлоруна балдары, неберелери кирген. Кээ бир учурларда: мурастык трансмиссия боюнча мүлк мурасталган (башкача айтканда мурас ачылганга чейин мураскорлордун бирөөсү каза болсо мүлк каза болгон адамдын балдарына өткөн) жана укук боюнча мурастоодо да мураскорлор мурас ачылганга чейин каза болушса мурас берүүчүнүн неберелери чакырылган. Юстиниандын өзгөртүүлөрүнө экинчи класстагы мураскорлорго ата-энеси, чоң ата, чоң энеси кирген жана мурас берүүчүнүн ага-инилери, эже-карындаштары жана алардын балдары кирген. Мурас бөлүштүрүүдө алыс туугандарына караганда жакын туугандарына артыкчылык берилген, үчүнчү кезектеги мураскорлорго толук кандуу эмес туугандары жана алардын балдары кирген. Төртүнчү кезектеги мураскорлорго кыйыр туугандары кирген [5]. Эгерде, төрт класстагы мураскорлор мурасты кабыл албаса мурастоого мурас берүүчүнүн жубайы чакырылган. “Жесир кедей аял” өзүнүн мүлктүк абалын начардыгын далилдесе мурастын кандайдыр бөлүгүн алууга укугу болгон. Эгерде, мурасты мыйзам боюнча мураскорлор тарабынан кабыл алынбаса алынбаган мурас ээсиз болуп таанылган. Байыркы убакыттан тартып ээсиз мүлк башка адам тарабынан ээленип алынган. Принципат доорунан тартып ээсиз мүлк мамлекетке өткөрүлгөн, ал эми доминат доорунда (эгерде христиан каза болсо) ээсиз мүлк чиркөөгө өткөн.

Рим укугунда “ээсиз мурас” термини колдонулган. Мурас берүүчү каза болгондон кийин мурас ачылган. Бирок мурасты кабыл алуу мураскорлор тарабынан тез болгон эмес. Мурас ачылгандан кийин мурас кабыл алынганга чейинки убакыттагы мүлк эч кимге тиешелүү болбостон ээсиз мурас деп аталган. Байыркы убакыттан тартып бир жылга чейин мүлккө ээлик кылса анын менчик ээси деп таанылган. Ээсиз мурас мураскорлор тарабынан кабыл алынганга чейин жана ээсиз деп таанылганга чейин мамлекет тарабынан корголгон. Сингулярдык типтеги мурастоого легаттар кирген. Римде көп таркагандыктан, акырында мурастын төрттөн үч бөлүгүнөн көп бөлүгүн мурас берүүчү тарабынан легаттар формасында көрсөтүү Фальуидиянын мыйзамында тыюу салынган [6].

**Адабияттар:**


1. Интернет ресурс: https://ky.wikipedia.org
2. Гетьман-Павлова И.В. «Практикум по римскому частному праву». - М. Юридическая литература, 2004.
3. Дождев Д.В. Римское частное право. Уч. для вузов. - М.: ИНФРА-М НОРМА, 1997, 2-е изд, 2007. (2000, 1996.)
4. Новицкий И.Б., Петерский И.С. Римское частное право. Учебник для вузов. - М., - 2008.
5. Хвостов В.М. Система римского права. - М., 1996.
6. Зелер В. Учение о праве общей собственности по римскому праву. - Харьков, 1895.


**Рецензент: к.ю.н., доцент Садиева Д.А.**